Аяна Касымова — Сүйүү менен

Обону: Мирлан Абдраев
Сөзү: Уланбек Абдрахманов

Анда жазган ырлар кайра жаңырбай,
Сен алыстап кеттиңби келбей мага.
Кайра кайра ырда мага тарынбай,
Гүлдөр бийлеп нур чачкан ошол жазда.
Сен мага
Махабаттын аргымагын минип кел,
Сезимдин арасынан аралап жазда.
Сен мага
Махабаттын жалын атын чабып кел,
Сүйүүнүн калаасынан.
Сага, мага келген,
Ал сезимдер терең.
Кайра,кайра келбей сүйүү,
Сүйүү деген.
Мага, сага келген,
Ал сезимдер терең.
Кел басалы дагы,дагы чогу
Сүйүү менен,
Сүйүү менен.
Сени, мени ала качкан бактым ай,
Жан дүйнөмдү ачкан, сезим сырлар.
Сени менен аткан, аткан таңым ай
Кайра кайра ырдалган сүйүү ырлар.
Сен мага
Махабаттын аргымагын минип кел,
Сезимдин арасынан аралап жазда.
Сен мага
Махабаттын жалын атын чабып кел,
Сүйүүнүн калаасынан.
Сага, мага келген,
Ал сезимдер терең.
Кайра, кайра келбей сүйүү,
Сүйүү деген.
Мага, сага келген,
Ал сезимдер терең.
Кел басалы дагы,дагы чогу
Сүйүү менен,
Сүйүү деген.